**УДК415.5: 494.3-55**

# МОРФОЛОГИЯНЫ ТИЛ ИЛИМИНДЕ КИМДЕР ИЗИЛДЕШКЕН?

**Төлөбеков Н.Т.**
**«Салымбеков Университет» мекемеси, Эл аралык медицина факультети, Бишкек**
**nt9977@mail.ru**

**Аннотация.** *Бул макалада тил илиминде морфологияны изилдөөнүн жүрүшү, морфологияны изилдеген окумуштуулар, алардын морфологияны изилдөөгө кошкон салымдары, жалпы тил илиминде морфологиянын изилдене башташы жана алгачкы кыргыз морфологдорунун эмгектери каралды.*
**Негизги сөздөр:** *Тил илими, морфологияны изилдөөнүн жүрүшү, морфолог изилдөөчүлөр, сөз түркүмдөрү, морфологиянын бөлүмдөрү*

# КТО ИССЛЕДОВАЛ МОРФОЛОГИЮ В ЯЗЫКОЗНАНИИ?

**Төлөбеков Н.Т.**
**Международный медицинский факультет Учреждения “СУ”, Бишкек**

**Аннотация.** *В этом статье рассматривается история исследования морфологии в языкознании и исследователи которые внесли вклад в исследование морфологии, начало исследования кыргызской морфологии и научные труды кыргызских морфологов.*
**Ключевые слова:** *Языкознание, исследования морфологии в языкознании, ученые морфологи, части речи, системы морфологии.*

# WHO RESEARCHED MORPHOLOGY IN LINGUISTICS?

**Tolobekov N.T.**
**International faculty of medicine, “SU” Institution, Bishkek**

**Annotation.** *The article deals with the history researches of the morphology in linguistic, scientists who research morphology and their foundations, beginning researches morphology in Kyrgyz linguistics, the first Kyrgyz morfologists.*
**Key words:** *Linguistics, the history researches of morphology in different countries, linguistic scientists, part of speech, systems of the morfology.*

**Киришүү.** Морфологияны изилдөө аракети биздин заманга чейинки V-VI кылымдарда байыркы Индиянын түндүк тарабындагы Гандхар каалаасында жашаган ар тараптуу окумуштуу жана мыкты тилчи Панини тарабынан жасалган. Ал санскрит грамматикасын иштеп чыгып, ага 3959 эрежени киргизген. Анын эмгегинде фонетиканы, морфологияны, синтаксисти сүрөттөгөн элементтер болгон. Панининин эмгеги оозеки түрүндө пайда болуп, муундан муунга өтүп отуруп, бир нече кылымдан кийин гана кагаз бетине түшүрүлүптүр.

Ошентип, Байыркы Индияда тил илими калыпка салынган учурда Байыркы Грецияда тил илими философиянын катарынан бөлүнүп чыга элек экен. Классикалык доордун ойчулдары Платон (б.з.ч. 427-347-жж.) жана Аристотелдин (б.з.ч. 384-322-жж.) оозеки кептеринде көрүнгөндөй, алар тил илиминин табиятын айтышкан, бирок алардын эмгектери да оозеки түрүндө гана болгон экен. Грецияда лингвистикалык грамматика

«эллинизм» мезгилинде гана пайда болуптур. Бул мезгил Александр Македонскийдин көзү өткөндөн кийин, грек тили дээрлик жер ортолук деңизинин баардык чөлкөмүнө тарагандыгы менен белгилүү. А.Македонский негиздеп кеткен Александрия шаары илим жана искусство жагынан өнүккөн шаар катары даңкы чыккан. Бул калаада жашаган илимпоз Дионисий Фракийский «Грамматика» [1] деп аталган эмгегин чыгарган. Мындан узак убакыт өтпөй Апполоний Диколанын «Синтаксис» эмгеги жарыкка чыгыптыр. Бул илимий эмгектер, айрыкча Дионисийдин грамматикасы кийинки доордун илимпоздоруна узак убакыт бою үлгү болуп бере алган экен.

Александриялык окумуштуулар баштаган саамалык тез эле Рим империясына жеткен. Ошентип, биздин доорго чейинки I кылымдарда эле Римден чоң тилчи окумуштуу Теренций Варрон [1] көзгө көрүнгөн. Ал латын грамматикасынын түзүлүшүн иштеп чыккан, бирок анын жазган грамматикасы гректердикинен аз гана өзгөчөлөнүптүр. Акыркы байыркы латын грамматикасын иштеп чыккан окумуштуулар болуп Донат (б.з.ч. III-IV к.) менен Присциан (б.з.ч. VI к) эсептелишет. Алардын грамматикасы бир далай толукталгандыгы жана өркүндөтүлгөндүгү менен мурункулардан өзгөчөлөнгөн.

Батыш Европада тил илиминин өркүндөө мезгили XII-XIII кылымдарда философиялык грамматиканын жарык көрүүсү менен башталган. Жаңы замандын окумуштуулары тил илиминдеги көрүнүштөрдү сүрөттөп берүү эмес, аларды баяндоо аркылуу түшүндүрүп берүү керек деп ойлошкон. Ошентип, XIII кылымда модисттердин мектеби келип чыккан. Бул мектептин эң чыгаан өкүлү Томас Эрфуртский бир канча томду түзгөн философиялык грамматиканы иштеп чыккан. Модисттер латын тилинин түзүлүшүн гана изилдебестен тилдин айлана-чөйрө менен карым-катышын да терең караганга далалат жасашкан. Алар тилдин пайдаланылышын жана анын өзгөчөлүктөрүн изилдеп көрүп, тилди изилдөөдө грамматикалык категориялардын керек экендигин байкашкан. Модисттер байыркы тил илиминде кубантарлык изилденбеген морфология менен синтаксисти изилдөөдө чоң эмгек жасашкан.

XIII кылымдагы Европанын көптөгөн окумуштуулары тил илимин өз алдынча илим катары көрүшкөн эмес. Алар жалпысынан тилдин түзүлүшү гана мааниге ээ деп эсептешкен. Анткени, сүйлөм түзүүдө сөздөрдүн катасыз курулушу гана керек деп ойлоп, тилдин теориялык маселелерине көп көңүл бурушкан эмес. Ал эмес Греция өлкөсүндө «грамматист» деген түшүнүк окуганды жана жазганды окуткан мугалимди гана билдириптир.

Тил илимине илим катары мамиле жасоо жана анны изилдөө Аравияда жана Кытайда VI кылымдардан баштап жүргүзүлгөнүн тарыхый булактардан көрсөк болот. Бирок, араб илимпоздору ыйык курандын тегерегинде көбүрөөк изилдөө иштерин жасашып, курандын тилинин тарыхына көбүрөөк көңүл бурушкан. Алардын башкы милдети ыйык курандын тилин татыктуу колдонуу жана таза сактоо болгон. Башка өлкөнүн илимпоздоруна салыштырмалуу, тилдеринин айырмачылыктарына жараша араб өлкөлөрүндө жана Индияда морфологияны изилдөө иштери жүргүзүлүп турган. Бирок, араб илимпоздору Паниниден айырмаланып морфологияны фонетикадан бөлүшкөн эмес.

Кытай өлкөсүндө тил илиминин изилдениши башкачараак нукта өнүккөн. Башкача айтканда, кандайдыр бир сөздөрдү же маанилерди түшүндүргөн миңдеген иероглифтерди чогултуу, аларды сөздүк кылып түзүү иштери жасалган. Байыркы Кытайда кагаз, калем, боёк жана сыя биринчи пайда болгондугун билебиз. Бул жагдай аларды том-том болгон сөздүктөрдү түзүүгө жардам берген.

Байыркы замандагы Европа илимпоздорунун сөз жөнүндө түшүнүгү болуп, аны эң кичинекей бирдик деп санаган менен уңгу жана мүчө боюнча түшүнүгү XVI кылымга чейин болгон эмес экен. Болгону морфологияны мурдараак изилдеген араб окумуштуулары уңгу жана мүчө жөнүндө жазышыптыр. Бирок уңгу менен курандыдан башка мүчөлөрдү аныктай алышкан эмес экен. Уңгу жана мүчөлөр жөнүндө түшүнүк Европанын тил илиминде XVI-XVII кылымдарда гана жазылыптыр. Ал эми морфема боюнча түшүнүк XIX кылымда гана И. А. Бодуэна де Куртенэнин изилдөөлөрүндө айтылган экен.

Байыркы грек изилдөөчүлөрү сегиз сөз түркүмүн аныкташкан экен. Алар сөз түркүмдөрүнө атооч, этиш, атоочтук, тактооч, ат атооч, байламта, артикль жана жандоочту киргизишкен. Алардын салтын улаган Рим изилдөөчүлөрү да сегиз сөз түркүмү жөнүндө айтышкан. Бирок, латын тилинде артикль жок болгондуктан кыйынчылыкка кептелишип, акыры анын ордун сырдык сөздөр менен алмаштырып коюшкан. Булардын арасынан зат атооч менен сын атооч бир сөз түркүмү катары бааланган. Ал эми сын атоочтун даражалары көрсөтүлгөн эмес экен. Рим мамлекетинин илимпозу Варрон сөз түркүмдөрүн морфологиялык критерийлерге карата жазганга далалат кылган. Варрон атоочтор жөндөмөлөр менен ажырайт, этиштер чактар менен ажырайт, бирок жөндөмөлөр менен өзгөрбөйт, ал эми атоочтуктар жөндөмөлөр менен да чактар менен да ажырайт, тактоочторго жөндөмө мүчөлөрү уланбайт, чак боюнча да өзгөрбөйт деп жазган экен. Негизинен, алар сөздөрдү жалаң эле морфологиялык жактан бөлбөй семантикалык жана синтаксистик абалдарына да көңүл бурушканы байкалат. Албетте, бул сөз түркүмдөрүнүн мындай бөлүнүшү морфологиялык критерийге бап келген жана узак убакыт бою салттык классификация болуп калып, XVI-XVII кылымга чейин сакталыптыр. Негизинен XVII кылымда гана Европанын тил илиминде сын атооч зат атоочтон өзүнчө турган сөз түркүмү экени байкала баштаган жана өзүнчө сөз түркүмү катары 17-кылымда гана бөлүнүп чыгыптыр. Ушуга окшош сан атооч менен бөлүкчө да бир топ кечигип, ушул кылымда гана сөз түркүмдөрүнүн арасынан өз ордун тааптыр.

Европадан тили да, грамматикасы да өтө айырмаланган араб грамматикасында атооч, этиш жана бөлүкчө болуп үч сөз түркүмү жөнүндө жазылган экен. Ушул үч гана сөз түркүмүнүн келип чыгышы араб тилинин морфологиялык жардылыгынан эмес, алардын тилдик өзгөчөлүгүнөн болушу ыктымал.

Эскерте кетчү нерсе, жогоруда айтылган окумуштуулардын бардыгы тилдин синхрондук абалына гана көңүл коюшкан. Ал эми тилге диахрондук изилдөө иштерин жүргүзүү XVIII кылымда чыйыр алып, XIX кылымдарда өрчүгөн.

XVII кылымда Европада башка тармактар менен кошо тил илиминин теориясын изилдөө да ойгонгон. Алгачкылардан болуп тилге теориялык ой жүгүртүү иштери Франциянын Порь-Рояль мектебинде башталыптыр. Бул мектептин белгилүү өкүлдөрү Антуана Арно (1612-1694) менен Клода Лансло (1615-1695) аттуу философ илимпоздор болгон экен. Алар бир кылым бою популярдуу болуп турган «Порь-Рояль» грамматикасын түзүп чыгышкан. Бул эмгектинээлери ар бир сөз түркүмүн аныктаганга жана аларга теориялык сүрөттөө бергенге далалат жасашкан. Бул окумуштуулардын эмгеги кайсы бир деңгээлде жемиштүү болуп, жаңы бир нече сөз түркүмүн аныктай алышкан. Латын грамматикасындагы зат атоочтун составындагы сын атооч өзүнчө ажырап, анын даражалары берилген. Ошондой эле санды билдирген сөз түркүмү сан атооч да өзүнчө ажырап, анын бир нече варианттары берилген экен. Сөз түркүмдөрүнүн арасынан мааниге ээ эмес сөз түркүмдөрү жалпысынан кызматчы сөздөр деп берилген. Бул илимий эмгек XVIII кылымга чейин өрнөк катары пайдаланылып, башка илимпоздорго булак болуп берген экен.

XVIII кылымдын 50-жылдары Орусиянын улуу илимпозу М.В.Ломоносовдун «Российская грамматика» деген эмгеги жарыкка чыккан. Улуу илимпоз бул эмгегинде фонетиканы, морфологияны жана лексиканы изилдеген. Эмгектин негизги өзгөчөлүгү латын жана грек грамматикасына басым жасалбастан орус тилинин түзүлүшүнө ылайыкталгандыгы болгон. Ал морфологиянын сөз түркүмдөрүн «Адам кебиндеги негизги түркүмдөр» деп атап, сөз түркүмдөрүн сегизге бөлгөн: 1. Глагол, для названия деяний. 2. Причастие, для сокращения, соединением имени и глагола в одно речение. 3. Имя, для названия вещей. 4. Местоимение, для сокращения именований. 5. Предлог, для показания принадлежности обстоятельств к вещам или деяниям. 6. Союз, для изображения взаимности наших понятий. 8. Междометие, для краткого изьявления движений духа 7. Наречие, для краткого изображения обстоятельств. [2]. М.В.Ломоносов сын атоочту зат атооч сөз

түркүмүнө кошкон. Ал сын атоочтун даражаларын аныктаганга да жетише алган. Бирок, сан атооч жөнүндө эч нерсе жазган эмес.

М.В.Ломоносовдун изилдөөсүн уланткан А.Х.Востоков (1831-ж.) сын атоочту өзүнчө турган сөз түркүмү катары бөлгөн экен. Ал сөз түркүмдөрүнүн катарынан атоочтуктарды ажыратып, аларды сын атоочтун өзгөчө түрү катары баалаган. Илимпоз сын атоочтун беш даражасын аныктай алган жана аларды илимий-теориялык өзгөчөлүктөрүн далилдегенге далалат кылган.

1841-1842-жылдары окумуштуу Г.П.Павскийдин «Морфологические наблюдения над составом русского языка» деген эмгеги жарык көргөн. Ал сөз түркүмдөрүнүн бардыгынын орундарын карап көрүп, сан атоочтун өз алдынча сөз түркүмү боло ала тургандыгын байкаган. Г.Павский сан атоочтун 6 түрүн тактап, аларды үлгүлөрү менен сүрөттөп берген.

Морфология боюнча жарык көргөн илимий эмгектердин арасынан Ф.И.Буслаевдин 1858-жылы чыккан «Опыт исторической грамматики русского языка» деген китеби маанилүү орунда турат десек жаңылышпайбыз. Бирок окумуштуу Ф.И.Буслаев ат атооч менен сан атоочту кызматчы сөз түркүмүнө кошуп коюп чоңката кетирген. Дагы бир белгилүү илимпоз А.А. Потебня тарыхый грамматиканын өрчүшүн адам баласынын аң-сезиминин өнүгүшү менен бирге караган. Окумуштуунун грамматикалык эмгектеринде алгачкылардан болуп тил кубулуштарын маанилик ыкма менен тактоо иштери жүргүзүлгөн. Ал сөздөрдү жасаган мүчөлөргө абдан көңүл бөлгөн жана форманы туура түшүнүү сөздүн жасалышын аныктоого алып келет деп жазган. Окумуштуу А.А.Потебня «Из записок по русской грамматике» (1888-ж.) деген китебинде Ф.И. Буслаевге сын берип, ат атооч менен сан атоочтун ордуларын жана аткарган кызматтарын терең изилдөөгө алган.

Морфологияны изилдөөдө чоң эмгек жасаган белгилүү орус илимпозу Ф. Фортунатов морфологиялык бирдиктердин классификациясына жана алардын объектилик критерийлерине терең көңүл бурган. Ал сөздөрдүн морфологиялык түзүлүшүнө карап сөз түркүмдөрүнүн түрлөрүн ылдыйдагыдай кылып 7 бөлүккө бөлгөн: 1. Прилагательные. 2. Инфинитив. 3. Глагол. 4. Существительные. 5. Причастие. 6. Наречие. 7. Деепричастие. [3] .

Фортунатовдун түзүп кеткен схема боюнча илимпоздор Н. Н. Дурнов, Д. Н. Ушаков, М. Н. Петерсон, А. М. Пешковскийдин эмгектери жарыкка чыккан. Бул грамматикалык форманы андан кийин илимпоздор В В. Н. Сидоров, П. С. Кузнецова, А. А. Реформатский изилдөөлөрүндө жазышкан жана бир топ алдыга жылдырышкан.

Ал эми В. Виноградовдун «Азыркы орус тили» (1938) жана «Орус тили» (1947, 3-чыгарылыш 1986) деген китептеринде сөздүн мааниси менен формасын изилдөө жүргүзүлгөн. Анын китептеринде морфологияга сөздүн курулушу жөнүндө илим катары жасалган мамиле көрүнөт. Илимпоз сөздөрдүн грамматико-семантикалык категорияларын карап чыгып, төмөндөгүдөй 4 негизги чоң топту тактаган: 1) Имя существительное, имя прилагательное, имя числительное, местоимение, глагол, наречие, категория состояния; 2) Частицы-связки, предлоги, союзы; 3) Модальные слова; 4) Подражательные слова [4].

Бул илимпоздордон башка изилдөөчүлөр Р. О. Якобсон, Карцевский, Л. Копецкий, В. Матезиус, С. Б. Гавранек, Н. С. Трубецкий жана башкалардын эмгектери заманбап орус тилинин илимий морфологиясын түзүүгө жана өстүрүүгө илимий булак болуп берген.

1863-жылы Россиядагы Петербург жогорку окуу жайында чыгыш тилдер факультетинде чыгыш тилдеринин тарыхы кафедрасы ачылган. Бул кафедра түрк тилдерине өз алдынча изилдөө жүргүзүү иштерин колго алган. Ошентип, Россияда түркологияны изилдөө жана аны өз алдынча илим катары мамиле жасоо XIX кылымдын экинчи жарымында башталган. Анын бутка туруусуна жана өнүгүүсүнө М.А.Казембектин «Тюркско-татарская грамматика» (1839-ж.), О.Н.Бетлингдин «Грамматика якутского языка» (1851-ж.), П.М.Мелиоранскийдин «Арабская филология в тюркском языке» (1900-ж.), А.Н.Самойловичтин «Крымско-татарская грамматика» (1916-ж.) аттуу илимий эмгектери чоң мааниге ээ болгон.

Улуу Октябрь революциясына чейинки мезгилде түрк тилдерин изилдөөдө илимпоздор В.В.Радлов, Х.Г.Габяшилер, Н.Ф.Катанов, И.Хальфин чоң эмгек кылышкан. Совет мезгилинде түркологияны В. А. Богородицкий, Н. К. Дмитриев, Э. Р. Тенишев, С. Е. Малов, Н. А. Баскаков, Г. Х. Ахатов, А. Н. Кононов, Л. З. Заляй, Ж.Г.Киекбаев, А. М. Щербак ж.б илимпоздор изилдешкен. Бул окумуштуулар тарабынан түрк тилдеринин грамматикалык системасы аныкталып, илимий грамматикалары жазылган. Лексикографияны изилдөөдө көзгө аларлык ийгиликтер болуп, түрк тилдеринин диалектилери, говорлору изилденген. Фразеологиялык, терминологиялык, диалектологиялык, синонимдик сөздүктөр түзүлгөн. Мындан тышкары, түрк тилдеринин фонетикасы, морфологиясы жана синтаксиси иштелип чыккандыгы алардын эң негизги ийгилиги болгон.

Бул илимий эмгектер орус тилинде ишке ашып, түрк тилдеринин грамматикасы орус грамматикасынын терминдери аркылуу берилгени менен, ошол кездеги илимий грамматикасы иштелип чыга элек, ал эмес жазуусу жолго коюла элек болгон эл үчүн кийинчэрээк түрк тилдеринин грамматикалык системасын изилдеп чыгууга маанилүү өрнөк болуп бере алган.

Орто Азия аймагында тилдин илимий-теориялык эмгектеринен биринчи болуп практикалык эмгектери пайда болгондугун билебиз. Биринчилерден болуп тилдин грамматикасын иштеп чыккан изилдөөчү казак элинин коомдук жана мамлекеттик ишмери А.Байтурсунов болгон экен. Изилдөөчүнүн «Окуу куралы» деген эмгеги 1912-жылы Оренбург шаарында басмадан жарык көрүптүр. Андан соң «Тил-курал» деген 3 бөлүмдөн турган иши 1914-1915-жылдары жарык көргөн экен. Бул эмгекте казак тилинин грамматикасы, фонетикасы, морфологиясы жана синтаксиси берилген. Ошол убакта анын түзгөн грамматикасын казак-кыргыз эли бирдей пайдаланып келгендигин билебиз. Себеби, ошол учурда кыргыздын билим алып жаткан балдары Ташкент шаарындагы казак-кыргыз институтунан билим алып, А.Байтурсуновдун грамматикасынын негизинде окушкан.

Кыргыз калкынын тунгуч агартуучуларынын бири, биринчи профессор К.Тыныстанов алгачкылардан болуп тилдик көз караштарын негиздеген жана кыргыз тилинин тилдик материалдарын жалпылап иштеп чыккан. Ал кыргыз тилинин морфологиясын иштеп чыгууда жогоруда айтылган түрколог илимпоздордун эмгектерин жана А.Байтурсуновдун грамматикасын өрнөк катары кенен колдонгон. К.Тыныстанов кыргыз тилинин илимий терминдерин түзүүдө чоң эмгек кылган. Анын түзүп кеткен терминдеринин дээрлик 90 пайызы азыркы күндө мектептерде жана жогорку окуу жайында ийгиликтүү колдонулуп жана окутулуп келүүдө. К.Тыныстановдун 1934-жылы жарык көргөн «Кыргыз тилинин морфологиясы» [9] деген китебинде морфологиялык көп маселелер жана терминдер такталган. Бул эмгекте сөз өзгөртүү, жак категориясы, жөндөмө категориясы, таандык категориясы, сан категориясы, сөз жасоо системасы жана сөз түркүмдөр системасы изилденип иштелип чыккан жана алардын ар бири сүрүттөлүп, жалпы мүнөздөмө берилген.

Тилдин илимий-теориялык маселерин өнүктүрүп, дагы көптөгөн илимий эмгектерди жазууга К.Тыныстановдун тажрыйбасы, билими, жөндөмү да болгон. Бирок, тилекке каршы, ошол доордун кандуу капканы улуу окумуштууну илим дүйнөсүнөн биротоло алып кеткен.

К.Тыныстановдон кийин чыккан грамматикачы илимпоз К.Бакеевдин «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген китеби 1943-жылы жарык көрүптүр. Изилдөөчү бул эмгегин окуу жайлардын окуучулары үчүн жазгандыктан илимий-теориялык маселелерге өзгөчө көңүл бурган эмес. Морфология боюнча зор эмгек кылган илимпоз К.Дыйканов «Кыргыз тилинин морфологиясы» деген китебинде морфологиянын илимий-теориялык маселелерин тереңдетип изилдегени, кошумча терминдерди бергендиги менен өзгөчөлөнгөн.

Кыргыз тил илиминде морфологияны изилдөөгө өмүрүн арнаган чоң илимпоз С.Кудайбергеновдун эмгектерин көз жаздымда калтыруу мүмкүн болбостур.

Окумуштуунун изилдеген илимий багыттары көп кырдуулугу жана ар тараптуулугу менен өзгөчөлөнсө да, тилибиздин морфологиялык түзүлүшүн изилдөөгө алуу анын эң башкы илимий багыты болгон экен. Окумуштуунун морфология боюнча жазган эмгектери: «Кыргыз тилиндеги таандык категориясы», «Кыргыз тилиндеги мамиле категориясы», «Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы», «Кыргыз тилинде этишти жасоочу кээ бир мүчөлөр», «Кыргыз тилиндеги ат атоочтор». Ошентип, белгилүү окумуштуунан калеминен кыргыз тилинин морфологиясына тиешелүү онго жакын эмгек китеп болуп жарык көрүп, жалпы көпчүлүккө жана студенттерге сунуш кылыныптыр. Бул эмгектер к кыргыз тилин изилдеген илимпоздорго түгөнгүс булак болуп, окумуштуунун эмгектеринин негизинде илимий грамматика иштелип чыккандыгы тил илиминин тарыхындагы айныксыз чындык.

Мындан тышкары, залкар илимпоз биргеликте жазган окуу жайларынын студенттерине арналган окуу китептери да өзүнчө сөз болууга татыктуу. Окумуштуунун «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1957-ж.), «Азыркы кыргыз тили» (1953-ж.), ошондой эле кыргыз тилинин илимий грамматикасы боюнча жазылган «Азыркы кыргыз тилинин адабий тили», белгилүү илимпоз С.Давлетов менен биргеликте жазылган, филологиялык факультеттердин студенттерине арналган «Кыргыз тилинин морфологиясы» окуу китептери жарыкка чыккан экен.

1968-жылы С.Кудайбергенов «Кыргыз тилинде этиштердин жасалышынын синтетикалык жолу» деген темадагы докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Илимпоздун бул эмгеги кийинчерээк монография түрүндө жарык көргөн экен. Аталган эмгеги менен С.Кудайбергенов кыргыз тил илиминин теориясында жетишпей жаткан кемчиликти толуктаган десек эч кандай жаңылыштык болбойт. Анткени, ошол кезде кыргыз тилиндеги этиштин жасалышы илимий-теориялык түрдө жарала элек болчу. Окутууда колдонулуп жүргөн бир аз материалдар негизинен канааттандырарлык эмес эле. Окумуштуунун бул эмгеги көптөгөн агартуучуларга этиштин теориясын окутууда маанилүү булак болуп бергенин белгилеп кетүүгө болот.

**Жыйынтык:** Байыркы доордо башталган морфологияны изилдөө азыркы күндө да жигердүү жүргүзүлүүдө. Албетте, тилдин курулушун жана уюшулушун терең изилдөө сабаттуу жазууга, катасыз сүйлөөгө чоң жардам берип, тилдин келечектеги бузулуп кетүү коркунучтарынын да алдын алат.

## АДАБИЯТТАР:


1. Варрон Теренций Грамматика. Рим, б.з.ч. 116-27. 182-195-бб.
2. Ломоносов М.В. Российская грамматика. М., 1755. 26-б.
3. Фортунатов Ф. Сравнительное языковедение - М., 1901-1902. 77-78-бб.
4. Виноградов В. Современный русский язык - М., 1938, 36-б.
5. Казембек М.А. Түрк-татар тилдеринин грамматикасы. - М., 1839. 456-б.
6. Бетлинг О.Н. Якут тилинин грамматикасы.- М.,1851. 24-25-бб.
7. Мелиоранский П.М. Түрк тилиндеги араб филологиясы. - М., 1900. 233-234-бб.
8. Самойлович А.Н. Крым-татар грамматикасынын кыскача тажрыйбасы. - М., 1916. 90-102-бб.
9. Тыныстанов К. Кыргыз тилинин морфологиясы. - Ф., 1934.37-39-бб.
10. Кудайбергенов С. Кыргыз тилинин морфологиясы. - Ф., 1957. 14-25-бб.


**РЕЦЕНЗЕНТ**:

ф.и.к., доцент Токушева Т.С., Эл аралык медицина факультети, “СУ” мекемеси